**2019/2020-окуу жылына карата**
**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын**
**базистик окуу планына**
**т ү ш ү н д ү р м ө  к а т**

2019/2020-окуу жылына карата түзүлгөн Базистик окуу пландары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» № 403 токтомунун 3-главасына ылайык иштелип чыккан.

Базистик окуу планы  Мамлекеттик билим берүү окуу стандартына ылайык билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн ошондой эле окуу материалын өздөштүрүүсү эске алынган.Окуучулар тарабынан сабактар боюнча жалпы билим алууну, активдүү турмуштук көз карашы калыптанган инсандын өнүгүүсү үчүн жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга ээ болууга кепилдик берет.

Жалпы билим берүүчү мектептерде базистик окуу планынын мамлекеттик жана мектептин компоненттеринин ишке ашырылышы үчүн төлөм мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланат.

Базистик пландан тышкары сабактарды терендетип окутуу кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматын көрсөтүүгө укуктуу.

Мектепте окутуу максатында эрте жаш  курагындагы балдардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын денгээлин жогорулатуу жана аларды андан ары социалдык жактан  ынгайлашуусу үчүн мектепке чейинки билим берүүчү  уюмдарга барбаган балдарды мектепке чейинки даярдоо боюнча билим берүү Программасын ишке ашыруу улантылууда. Алардын эмгек акысы базистик окуу планынын окуу жүктөмүн кыскартуудан үнөмдөлгөн каржы каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

2019-2020-окуу жылында  түзүлгөн Базисттик окуу планында төмөндөгүдөй сабактар жана интеграцияланган курстар берилет.

«Кыргыз тили» жана  «орус тили» сабактары 1-класстан баштап 11-класска чейин окутулат.Алардын окуу жүктөмү конкреттүү жалпы билим берүүчү уюмунун окутуу тилине көз каранды.

«Чет тили» сабагы 3-класстан 3-класстан 11-класска чейин 2 сааттан 5-класстта 5, 6-класста 4-сааттан, 7-класста 3 саат  окутулат.

«Адеп»(этика)интеграцияланган курсун окутуу 1-класстан 4-класска чейин жумалык жүктөмү 1 саат көлөмүндө камтылат.5-6-9-11-класстарда «Адеп», «экономикага киришүү», «Адам жана коом» сабактары интеграцияланып «Адам жана коомго бириккен.7-8-класстын адеп сабагы «Адам жана коом» сабагына интеграциялануууга багытталган.

КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы №18 токтомунун 1-тиркемесине ылайык жалпы билим берүү мектептеринин кыргыз тилинде окутулган 5-класска 1-саат, 8-класска 1 саат мектеп компонент боюнча